**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
**«Сапаттуу Билим» билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттигинин уюштуруучуларынын жалпы чогулушунда**
**№6 протокол "22" 07 2025-ж.**

**БЕКИТЕМ**
**«Сапаттуу Билим» билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттигинин директору**
**__________ Бостонова П.З.**
**"22" 07 2025-ж.**

**Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоону жүргүзүү үчүн тышкы эксперттердин эксперттик базасын түзүү жөнүндө**
**ЖОБО**

**I. Жалпы жоболор**

1.1. Ушул Эреже билим берүү уюмдарын жана билим берүү программаларын сапатын тышкы баалоого тартылуучу тышкы эксперттердин базасын түзүүнүн, жүргүзүүнүн жана өнүктүрүүнүн тартибин жөнгө салат.
1.2. Эксперттик база аккредитация процедураларында объективдүүлүктү, ачыктыкты жана кесипкөйлүктү камсыз кылуу максатында түзүлөт.
1.3. Эксперттик база – бул белгиленген тандоо критерийлерине жооп берген жана зарыл даярдыктан өтүп, сертификатка ээ болгон тышкы эксперттердин системалаштырылган тизмеси.

**II. Тышкы эксперттерди тандоо критерийлери**

2.1. Тышкы эксперт болуп төмөнкү талаптарга жооп берген Кыргыз Республикасынын же башка мамлекеттин жараны боло алат:

- тиешелүү багыттагы жогорку билимге ээ болуу;
- билим берүү же ага чектеш тармактарда кеминде 5 жылдык кесиптик тажрыйбасы болушу;
- билим берүү, илимий же башкаруучулук долбоорлорго катышуу тажрыйбасы;
- аналитикалык жана эксперттик иш жүргүзүү жөндөмдөрү;
- бааланган уюм менен кызыкчылыктардын кагылышынын жоктугу.

2.2. Кошумча критерийлер катары төмөнкүлөр эсептелиши мүмкүн:

- илимий даража же илимий наамдын болушу;
- аккредитациялык же сертификаттоо процедураларына катышуу тажрыйбасы;
- билим берүүнүн сапаты боюнча публикациялардын болушу.

**III. Эксперттерди окутуу жана сертификациялоо**

3.1. Эксперттикке талапкерлер милдеттүү түрдө тышкы эксперттерди даярдоо программасы боюнча окуудан өтүшү зарыл. Программа төмөнкүлөрдү камтыйт:

- аккредитациянын жана билим берүүнүн сапатынын негиздери;
- аккредитациянын стандарттары жана критерийлери;
- тышкы баалоону жүргүзүү ыкмалары;
- эксперттин этикалык нормалары;
- эксперттик корутундуларды түзүү тартиби.

3.2. Окуунун жыйынтыгында аттестация (тестирлөө жана/же практикалык тапшырма) жүргүзүлөт.
3.3. Окууну жана аттестацияны ийгиликтүү бүтүргөндөргө тышкы эксперттин Сертификаты берилет жана аларга тышкы баалоо процедураларына катышууга укук берилет.

**IV. Тышкы эксперттердин квалификациясын жогорулатуу**

4.1. Тышкы эксперттер ар бир 3 жылда бир жолудан кем эмес квалификациясын жогорулатып туруууга милдеттүү.
4.2. Квалификацияны жогорулатуу төмөнкү жолдор менен ишке ашырылат:

- семинарларга жана тренингдерге катышуу;

- аккредитациялык агенттиктерде же билим берүү уюмдарында стажировкалардан өтүү;
- онлайн-курстар жана вебинарлар;
- башка өлкөлөрдүн эксперттери менен тажрыйба алмашуу.

4.3. Квалификацияны жогорулатуу жыйынтыктары эксперттик базага киргизилип турат.

**V. Эксперттик базаны жүргүзүү**

5.1. Эксперттик базаны «Сапаттуу Билим» Аккредитациялык агенттиги жүргүзөт.
5.2. Эксперттик база төмөнкү маалыматтарды камтыйт:

- эксперттин аты-жөнү;
- билими, илимий даражасы/наамы;
- кесиптик тажрыйбасы;
- тастыкталган компетенциялары;
- окуудан, сертификациядан жана квалификация жогорулатуу жол-жоболорунан өткөндүгү тууралуу маалымат;
- аккредитациялык процедураларга катышуу тажрыйбасы.

5.3. Эксперттик база Агенттиктин ички документи болуп эсептелет жана эксперттик комиссияларды түзүүдө жана тандоодо колдонулат.

**VI. Акыркы жоболор**

6.1. Этикалык кодекстин нормаларын бузган же кесипкөйлүгүн көрсөтпөгөн эксперт Аккредитациялык кеңештин чечими менен эксперттик базадан чыгарылышы мүмкүн.
6.2. Ушул Эреже мыйзамдык-укуктук базадагы жана аккредитацияга болгон эл аралык талаптардагы өзгөрүүлөргө ылайык мезгил-мезгили менен кайра каралып чыгууга жана жаңыртылууга тийиш.